# РЕЗЮМЕ

| | |
|---|---|
| **Аты-жөнү** | **КАПАРОВА ЧЫНАРА АБДЫЛДАЕВНА** |
| **Туулган жылы:** | **17.05.1976** |
| **Улуту:** | **кыргыз** |
| **Билими:** | ***жогорку:*** |

Ж.Баласагын атындагы КУУ журналистика факультети:

«Журналист» адистиги боюнча «Бакалавр» квалификациялык академиялык даражасы.

Артыкчылык диплом (1998-жыл).

«Дипломдуу адис» квалификациясы «Тележурналист» адистиги боюнча.

Артыкчылык диплом (1999-жыл).

«Журналист» адистиги боюнча «Магистр» квалификациялык академиялык даражасы (2007)

Кыргыз улуттук илимдер академиясынын аспирантурасы (2017).

| | |
|---|---|
| **Жашаган дареги:** | Бишкек ш. Абдрахманов көчөсү, үй №129 |
| **Билген тилдери:** | кыргыз, орус, түрк |
| **Компьютер:** | эркин иштей алам |
| **Кызыгуусу:** | тарых, саясат, адабият |
| **Жеке сапаты:** | жоопкерчиликтүү, иштерман, чынчыл |

**Эмгек ишмердиги:**

**1998-жыл.** КР УТРК «Ала-Тоо» чыгармачыл- өндүрүштүк бирикмесинин кабарчысы, алып баруучу. Ишти айкалыштыруу менен Кыргызстан аялдар конгрессинин басма сөз катчысы.

**2008-жыл**. КР УТРК «Ала-Тоо» маалыматтык-аналитикалык программасы, баяндамачы. Ишти айкалыштыруу менен алып баруучу, чыгаруучу-редактор.

**2009-жыл.** КР УТРК «Ала-Тоо» МАП баяндамачы-алып баруучусу. Ишти айкалыштыруу менен «Жумакайрык» аналитикалык программасынын редактору

**2010-жыл.** КР Улуттук телерадиоберүүлөр корпорациясы КР Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы болуп өзгөртүлдү.

**2011-жыл.** КР КТРК «Ала-Тоо» МАП алып баруучусу.

**2013-жыл.** КТРК ишти айкалыштыруу менен Түркия мамлекеттик телерадио корпорациясынын (Анкара) «Аваз» телеканалындагы кыргыз тилиндеги жащылыктардын алып баруучусу.

**2013-2014-жж.** КТРК ишти айкалыштыруу менен ТРТ (Түркия) «Аваз» мамлекеттик телеканалынын Кыргызстандагы атайын кабарчысы.

**2014-жыл.** КТРК ишти айкалыштыруу менен КР Айыл жана суу чарба министринин басма сөз катчысы, басма сөз кызматынын жетекчиси.

**2014-жылдан** тарта **Ж. Баласагын** атындагы КУУнун Журналистика факультетинин.,

Кыргыз-Түрк **«Манас»** университетинин Коммуникация факультетинин.,

**Б. Бейшеналиева** атындагы Маданият жана искусство мамлекеттик университетинин окутуучу-тренери.

**2016-жыл.** КТРК «Ала-Тоо» студиясынын алып баруучусу, ишти айкалыштыруу менен корректор-редактор.

**2018-жыл.** КР КТРК «Ала-Тоо» МАП баяндамачылык кызматынан өз каалоосу менен иштен бошотулган.

**2018-жыл.** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика факультетинин окутуучусу.

**Сыйлыктары:**

**1998-жыл**. **Кыргыз Республикасынын Президентинин** «Жаш адистерди колдоо» стипендиясынын ээси.

**2010-жыл. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы** менен КР Президентинин колунан «Телекөрсөтүү жана радио уктуруу жагындагы синирген эмгеги үчүн»  сыйланган.

**2010-жыл.** Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлигинин **«Маданияттын мыкты кызматкери»** төш белгиси менен сыйланган.

**2009-жыл.** КР КТРК **«КТРК отличниги»** төш белгиси.

**2008-жыл.** КР Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясынын **«Ардак грамотасы».**

**2009-2010-жж. «Жылдын мыкты алып баруучусу»** КТРК, «Ала-Тоо» студиясы.

**2010-жыл.** «Замандаш» ассоциациясы. **«Жылдын мыкты диктору»**

**2011-жыл** «Жетиген» коомдук журналы **«Жыл мыктысы»**

**2012-жыл** «Кыргыз тили» коому мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө кошкон

зор салымы үчүн **«Ыйык тил»** төш белгиси.

**2016-жыл.** Кыргыз Республикасынын **Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы.**

**2012-жыл.** Социалдык-коргоо маселелерин чагылдырган телеберүүлөр үчүн **«Мээримдүүлүк»** төш белгиси менен сыйланган.

**2017-жыл.** Ж. Баласагын атындагы КУУ «Ардак грамотасы» менен сыйланган

КР өкмөтүнө караштуу бир катар министрликтер менен мекеме-ищканалардын, гезит-журналдардын, коомдук уюмдардын **«Ардак грамоталары»** жана **«Мактоо баракчалары», төш белгилери** менен сыйлангам.

Саясий партиянын мүчөсү эмесмин.

# Өмүр баян

Мен, Капарова Чынара Абдылдаевна, 1976-жылдын 17-майында Нарын облусуна караштуу Нарын районунун Жан-Булак айылында туулгам. 1983-жылы Нарын шаарындагы К. Жакыпов орто мектебине 1-класска киргем. Ата-энем кызматчы адамдар болгондуктан көчүп-конуп окууга туура келген. Атам Капаров Абдылда кесиби боюнча архитектор. 1987-жылы Ат-Башы районунун башкы архитектору болуп дайындалгандыктан мектепти которуп, 1993-жылы Ат-Башы районундагы К. Мамбеталиев атындагы орто мектепти артыкчылык аттестаты менен бүтүрдүм. Ошол эле жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Журналистика факультетине тапшыргам. 1998-жылы университетти кызыл диплом менен аяктап, «Бакалавр» квалификациялык академиялык даражасын, 1999-жылы «Журналист» квалификациясын алып, дипломдуу адис болгом. Квалификациялык академиялык «Магистр» даражасын жактагам.

Телевидение жана тележурналистика боюнча илимий макалалардын авторумун.

1998-жылы КРнын Кыргыз телерадио корпорациясынын «Ала-Тоо» студиясына кабарчы болуп ишке алынгам. Кийинчерээк «Ала-Тоо» студиясынын алып баруучу-баяндамачысы, 2011-жылы алып баруучусу, 2016-жылы баяндамачысы кызматтарында иштедим. Бул жылдар аралыгында Россиянын ОРТ жана Түркиянын ТРТ, Азербайжан, Казакстан мамлекеттик телевидениелеринде тажрыйба топтодум. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Өкмөт башчысынын сапарлары ж.б мамлекеттик иш-чаралар боюнча репортаждарды даярдап эфирге берип турдум. Саясий, экономикалык, социалдык-маданий багыттагы маселелер боюнча чыгарылыштарды даярдагам.

2014-жылдан бери ишти айкалыштыруу менен Ж. Баласагын атындагы КУУнун Журналистика факультетинин ТРЖ кафедрасында, КТУ «Манас» университетинин Коммуникация факультетинде, Б. Бейшеналиева атындагы маданият жана искусство университетинде окутуучу-тренермин.

2016-жылы КТРК башкы директорунун буйругу менен жумуштан мыйзамсыз алынгам. 2018-жылы Жогорку Сотто мыйзамсыз иштен алынганымды далилдеп, кайра кызматыма коюлгам. Бирок өз каалоом менен КТРК журналисттик жумушумдан кеттим.

2018-жылдан тарта Ж. Баласагын атындагы КУУнин окутуучусу, УИА аспирантымын.

Үй бүлөлүмүн.